**Кыргыз Республикасы**
**Чүй облусу**
**Панфилов району**
**Вознесеновка айылдык аймагынын айылдык кеңеши**

**Кыргызская Республика**
**Чуйская область**
**Панфиловский район**
**айылный кенеш**
**Вознесеновского айылного аймака**

Кезексиз XXVIII сессия
3 июль 2015 ж.

VII- чакырым
Вознесеновка а.

№ 116/XXVIII-3-VI ТОКТОМ

Эко-этнотуристтик комплексти куруу үчүн Суусамыр өрөөнүндөгү “жайыт” жеринен жер участогун айыл чарба багытындагы эмес жерлерге которуу жөнүндө Жайыл районунун Кара-Балта шаарынын тургуну О.Садыбакасованын Бишкек-Ош унаа жолунун Суусамыр өрөөнүндөгү 159-чакырымынан “ Эко-этнотуристик комплекс куруу үчүн жайыт тилкесин берүү боюнча” арызын карап, талкуулап чыгып Кыргыз Республикасынын Жайыттар жөнүндө мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Жер кодексин жана “Жерди бир категориядан башка категорияга которуу( трансформациялоо) тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын токтомун жетекчиликке алуу менен 2010-жылдын 8-декабрындагы № 312 жердин башка түрүнө же бир түрүнөн башка түрүнө которуу мыйзамынын негизинде ;

Вознесеновка айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Панфилов райондук мамлекеттик администрациясына Суусамыр өрөөнүндөгү 0.5 га аянттагы жайыт жерин айыл чарба багытындагы эмес жерлерге Эко-этнотуристик комплексти куруу үчүн трансформациялоо маселесин чечип берүү үчүн өтүнүч менен кайрылуу.

Вознесеновка айылдык кеңешинин
төрагасы А.Сеитов

| | | |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы<br>Чүй облусу<br>Панфилов району<br>Вознесеновка айылдык аймагынын айылдык кеңеши** | | **Кыргызская Республика<br>Чуйская область<br>Панфиловский район<br>айыльный кеңеш<br>Вознесеновского айылного акмака** |

Кезексиз XXXXII -сессиясы
17.10.2016-ж.

VI-чакырылыш
Вознесеновка а.

ТОКТОМ № 177 / XXXXII-I-VI

“ Суусамыр өрөөнүнүн Жогорку Кара-Булак өзөнүнөн жер участок бөлүп берүү жөнүндө”

2012-жылдын 9-августундагы “ Жер казынасы жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мызамынын негизинде , ЖЧК “ Элко-Сервис” ЛИМИТЕД “ Жер казынасын укукту колдонуп иштетүү максатында берилген “ № 2028 лицензиясынын ээсинин 2016-жылдын 12-октябрындагы Суусамыр өрөөнүнүн Жогорку Кара-булак өзөнүнөн жер участок бөлүп берүү жана трансформациялоо жөнүндөгү чыг.№ 44/16 кайрылган катын карап чыгып Вознесеновка айылдык кеңеши;

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Жер казынасын пайдаланууга жана иштеп чыгуу максатында Вознесеновка айыл аймагына караштуу Суусамыр өрөөнүнүн Жогорку Кара-Булак өзөнүнөн “ Элко-Сервис” ЖЧК-го жер участок бөлүп берүү жана аны транформациялоо жөнүндө Панфилов райондук администрациясынын алдында өтүнүү кылат.

Төрага А.Сеитов.

**Кыргыз Республикасы**
**Чүй облусу**
**Панфилов району**
**Вознесеновка айылдык аймагынын айылдык кеңеши**

**Кыргызская Республика**
**Чуйская область**
**Панфиловский район**
**айыльный кеңеш**
**Вознесеновского айылного акмака**

---

Кезексиз X -сессиясы
20.11.2017-ж.

VII-чакырылыш
Вознесеновка а.

ТОКТОМ № 46 / X-3-VII

“ Вознесеновка айылынын Ленин көчөсүндөгү дүкөн салына турган жер участогунун багытын өзгөртүү жөнүндө”

1999 -жылдын 2-июнундагы № 45 Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 12-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык жана Панфилов районунун шаар куруу жана архтитекттура боюнча башкармалыгын 2017-жылдын 21-июлундагы № 50-17 курулуш боюнча корутундусуна таянып, Вознесеновка айылынын Ленина көчөсүндөгү дүкөн салына турган жер участогунун максаттуу багытын өзгөртүү жана ордуна эки 5 батирлүү турак-жай салуу жөнүндө маселени талкуулап чыгып Вознесеновка айылдык Кеңеши;

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Вознесеновка айылынын Ленин көчөсүндөгү дүкөн салына турган жер участогунун максаттуу багыты өзгөртүлүп, эки 5-батирлүү турак-жай салууга макулдук берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын контролдоо жагын Вознесеновка айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Эралиевке жүктөлсүн.

Төрага М.Каркеев.

| Кыргыз Республикасы<br>Чүй облусу<br>Панфилов району<br>Вознесеновка айылдык аймагынын айылдык кеңеши | | Кыргызская Республика<br>Чуйская область<br>Панфиловский район<br>айыльный кенеш<br>Вознесеновского айылного акмака |
|---|---|---|

VII -сессия VIII - чакырылыш

7..02.2022 ж. Вознесеновка а.

ТОКТОМ №- 22- 6 – VII

" Вознесеновка айылынын Гагарина көчөсүнүн архитектура
жана шаар куруунун башкы планын бекитүү жөнүндө

Айыл өкмөтүнүн жер маселеси боюнча башкы адиси Күчүков Р.Т. "Вознесеновка айылынын Гагарина көчөсүнүн архитектура жана шаар куруунун башкы планын бекитүү жөнүндө" маалыматын эске алып жана калктуу конуштардын башкы планы айылдын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү маанилүү экенин карап чыгып. Вознесеновка айыл өкмөтүнүн заказы боюнча Панфилов райондук архитектура жана шаар куруу башкармалыгы тарабынан , Вознесеновка айылынын Гагарина көчөсүнүн башкы планы иштелип чыккан, планды бекитүү максатында айылдык кеңештин депутаттары карап жана талкуулап чыгып ;

Вознесеновка айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ :

1.Вознесеновка айылынын Гагарина көчөсүнүнө кошумча 1200 кв.м. жер аянтчасы архитектура жана шаар курулушунун башкы планына бекитилсин.

3 Вознесеновка айыл өкмөтү башкы планынын көчүрмөлөрүн түзүп, башкы пландын узак мөөнөткө сактоо чаралары көрүлүсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Вознесеновка айыл өкмөтүнүн башчысы А.Казымкуловго жүктөлсүн.

Төрага Ниязбек уулу Темирлан.

| | | |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы<br>Чүй облусу<br>Панфилов району<br>Вознесеновка айылдык аймагынын айылдык кеңеши** | | **Кыргызская Республика<br>Чуйская область<br>Панфиловский район<br>айыльный кенеш<br>Вознесеновского айылного акмака** |

VIII-сессия VIII- чакырылыш

30.03.2022 ж. с.Вознесеновка

ТОКТОМ № 24-2-VIII

" К.Жуматаев атындагы Кыргыз-Орус коомдук фондунун жетекчиси
Джуматаев Т.А. кайрылуусун карроо"

Джуматаев Таалайбек Асылбековичтин 14-март 2022-жылы Эркин-Сай айылынын түндүк тарабынан " БСР куруугa 45- контурдан аянты 10-гектар жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндөгү " кайрылуусун карап жана талкуулап чыгып , Эркин-Сай жана Вознесеновка айылдарынын калккын сугат суусу менен камсыз кылуу үчүн суткалык сууну жөнгө салуу бассейнин куруу зарылчылыгын эске алып ;

Вознесеновка айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ ;

1. Джуматаев Таалайбек Асылбековичтин Эркин-Сай айылынын түндүк тарабынан " БСР куруугa 45- контурдан аянты 10-гектар жер тилкесин бөлүп берүү кайрылуусу колдоого алынсын.

2.Айыл өкмөтү тарабынан жер тилкесин бөлүп берүү үчүн ар тараптан мыйзам чегинде жардам көрсөтүлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзмөлдөө жагы Вознесеновка айыл өкмөтүнүн башчысы Карымшаков М.Т. жүктөлсүн

Төрага Ниязбек уулу Темирлан.

**Кыргыз Республикасы**
**Чүй облусу**
**Панфилов району**
**Вознесеновка айылдык аймагынын айылдык кеңеши**

**Кыргызская Республика**
**Чуйская область**
**Панфиловский район**
**айыльный кенеш**
**Вознесеновского айылного акмака**

---

X-сессия VIII - чакырылыш

20.07.2022 ж. Вознесеновка а.

ТОКТОМ №- 36- 1 - Х

" Кыязов К.А.-тин .чакан ГЭС курууга жер участогун бөлүп берүү жөнүндө арызын кароо"

Кыязов К.А.- тин 19 -июль 2022 – жылы Орто-Кайырма айылындагы, Чоң-Кайыңды капчыгайынан " Чакан ГЭС курууга жер тилкесин бөлүп берүү" жөнүндөгү арызын карап жана талкуулап чыгып, ошондой эле бул долбоорду ишке ашырууда айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине чегерүүлөр жүргүзүлөрүн, кошумча жумуш орундары түзүлөрүн эске алып

Вознесеновка айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ :

1. Кыязов Кемелбек Абдыкадыровичтин Орто-Кайырма айылындагы, Чоң -Кайыңды капчыгайынын 309 жана 312 контурунан 1,34 га жер тилкесин чакан ГЭС курууга бөлүп берүү жөнүндөгү кайрылуусу колдого алынсын.

2.Айыл өкмөтү тарабынан көрсөтүлгөн жер тилкесин мыйзам чегинде берүү үчүн ар-тараптан жардам көрсөтүлсүн.

3. Чакан ГЭС куруу долбоору ишке ашкан учурда айыл тургундарын иш менен камсыздоо жана айыл аймагынын социалдык – экономикалык өнүгүүсүнө салым кошуу маселеси сөзсүз түрдө каралсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы туруктуу депутаттык комиссиянын төрагасы Абдылдаев Т.К жана айыл өкмөтүнүн башчысы Баязова Ж.Э.жүктөлсүн.

Төрага Ниязбек уулу Темирлан.

Кыргыз Республикасы
Чүй облусу
Панфилов району
Вознесеновка айылдык
аймагынын айылдык
кеңеши

Кыргызская Республика
Чуйская область
Панфиловский район
айыльный кеңеш
Вознесеновского айылного
акмака

XV - сессия
31.03.2023- жыл

VIII-чакырылыш
Вознесеновка а.

ТОКТОМ № 66- 4 - XV

" Орто-Кайырма айылынын Токтогул
көчөсүндө жайгашкан мечитти Чүй Казыятына
өткөрүү жөнүндө".

Вознесеновка айыл аймагынын Эркин-Сай жана Орто-Кайырма айылдарынын тургундарынын " Орто-Кайырма айылынын Токтогул көчөсүнүн № 17/3 дарегинде жайгашкан мечитти " Чүй Казыятына өткөрүп берүү жөнүндө кайрылуусун карап жана Орто-Кайырма, Эркин-Сай айылдарынын имамы Кудайбергенов С.У. 25.03.2023 ж. ушул суроо боюнча жазылган арызын талкуулап чыгып, Вознесеновка айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ :

1. Вознесеновка айыл өкмөтүнүн Орто-Кайырма айылына караштуу Токтогул көчөсүнүн № 17/3 дарегинде , жер аянты 0,19 га жайгашкан мечитти Чүй Казыятына өткөрүүгө макулдук берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Вознесеновка айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Баязовага жүктөлсүн.

Төрага Ниязбек уулу Темирлан.

**Вознесеновка жана Орто айылдык кеңешинин депутаттары менен өткөн жыйындын**

# Т О К Т О М У № 1

28.09.2023-ж. Каинда ш.

**“Административдик-аймактык реформаны жүргүзүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын 2022-жылдын 18-октябрындагы №350 “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин, "Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин негизинде, ____________ айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. “Вознесеновка” жана “Орто” айыл аймагын бириктирүүгө макулдук берилсин.
2. Вознесеновка жана Орто айыл аймактарын бириктирүүдө депутаттардын сунушу “Орто – Кайыңды айыл аймагы” деген жаны аталыш берилсин.
3. Жаңы түзүлгөн Орто - Кайыңды айылдык аймагынын борбору болуп Вознесеновка айылындагы айыл өкмөттүн имараты бекитилсин.
4. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.
5. Вознесеновка жана Орто айыл өкмөттөрүнүн имаратындагы стендтеринде жарыялансын.

**Вознесеновка айылдык кенешинин төрагасы** **Ниязбек уулу Темирлан.**

**Орто айылдык Кеңешинин төрагасы** **Мырзагелдиев К.М.**